

# 21-февраль

# ЭЛ АРАЛЫК ЭНЕ ТИЛ

# күнүнө арналган фестиваль

**21-февраль ЮНЕСКО тарабынан эл аралык Эне тил күнү катары белгиленген.**

Бул күн 1999-жылы бириккен Улуттар уюмунун агартуу, илим жана маданият маселелери боюнча уюму - ЮНЕСКО тарабынан жарыяланып, ошондон бери жыл сайын маданий жана тил байлыгын өркүндөтүү максатында белгиленип келе жатат. Ушул күнгө карата жер жүзүндө ар кандай иш-чаралар өткөрүлөт.







Бишкек шаарынын Биринчи май районундагы Е.Б.Якирдин №61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексининде жыл сайын кыргыз тили мугалимдери ар кандай иш-чараларды өткөрүп келе жатышат. Ошол иш-чаралардын эң мыктысы болуп башталгыч мектептин мугалимдери Усенова Жийде Жанболотовна жана Токтогонова Чолпон Авиповна 2-Д класстын окуучулары менен «ТИЛ ТАГДЫРЫ – ЭЛ ТАГДЫРЫ» аттуу даярдаган фестивалы эсептелинди.








Жаш муундар мамлекеттик тилде 8 улуттун маданияты жөнүндө айтып жана көрсөтүп беришти.  Окуучулар менен чогуу ата-энелер дагы кызыгуу менен даярданышып, мугалимдерге жардамдарын аяшкан жок.





Окуучулар Кыргыз, Орусия, Өзбек, Америка, Грузия, Египет, Япон, Индия мамлекеттеринен келген өкүлдөрүнүн ролдорун аткарышты.




Ар бир мамлекет жөнүндө кыскача маалымат беришти, дасторкондоруна улуттук тамак-аштарын даярдашты, маданиятын көрсөтүштү жана улуттук кийимдери менен музыкалык номерлерин тартуулашты.






Майрам күнү мугалимдер менен окуучулардын ортосундагы жылуу мамилени, ынтымакты, тарбияны жана кыргыз тилине болгон кызыгууларын көрө алдык.



Активдүү катышкан үчүн 2-Д классы мектептин грамотасы менен сыйланды.



№61 АФММЛ ОК

Грамота

21-февраль -ЭЛ АРАЛЫК ЭНЕ ТИЛ КҮНҮНӨ
АРНАЛГАН ФЕСТИВАЛГА
2-Д классынын окуучулары активдүү
катышкандыктары үчүн сыйланышат.
Ар дайым ийгиликтүү окуучулардан болгула!

Мудур: Низовский Ю.Н________
Мам.тил боюнча
директордун орун басары: Амандыкова А.Ш_____

Мугалимдерибизге ата-энелер жана лицейдин администрация тарабынан каалоо-тилектер жана ыраазылыктар айтылды.

**Мугалимдердин иштерине жана окуучуларга албан ийгиликтерди каалайбыз!**